**Академик М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети**
**Илимий-техникалык кеңештин кезектеги жыйынынын токтомунан**
**№2 КӨЧҮРМӨ**

Токтом №1 01.11.2022-ж. Ош шаары

**КАТЫШКАНДАР:**

**Илимий-техникалык кеңештин төрагасы** ОшТУнун ИжИ боюнча проректору, а-ч.и.д., доцент Танаков Н.Т, *төраганын орун басары* т.и.к., доц..Аттокуров У.Т., *катчысы* Авазбек у А *жана мүчөлөрү*: асп. бөлүм башчысы З.Токтомаматова, ф-м.и.д., проф. А.Дж. Сатыбаев, ф.и.д., проф. М.А. Атакулова, э.и.д., М.Ж. Абдиев, т.и.к., доцент Н.А. Калдыбаев . ОшТУнун Технопаркынын директору, т.и.д., проф. А. Т. Маруфий, т.и.к., доц. Э. М. Каримов, ф.-м.и.к., доцент Ж.Ш. Орозмаматова, т.и.к. Ж.А. Турдубаева, т.и.к. У.Т. Атамкулов , т.и.к., доцент Б.Ж. Акматов, окутуучу У.Д. Абдуллаев, т.и.к., доцент М.Т. Атамкулова, т.и.к., доцент А.Т. Каратаев,

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

2.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлиги тарабынан 2022-жыл үчүн республикалык бюджеттен каржыланган илимий долбоорлордун аткарылышы жана алынган жыйынтыгы боюнча отчетторду берүү.

в) “Разработка инновационных технологий производства декоративных строительных изделий для улучшения архитектурного облика города Ош”. Илимий жетекчиси т.и.к., доцент Калдыбаев Н.А.

**Угулду:**

ОшТУнун Илимий-техникалык кеңешинин төрагасы Танаков Нурланбек Токтогулович: - Урматтуу Илимий-техникалык кеңештин мүчөлөрү, бүгүн күн тартибинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлиги тарабынан 2022-жыл үчүн республикалык бюджеттен каржыланган илимий долбоорлордун аткарылышы жана алынган жыйынтыгы боюнча отчетторун угуу каралган.

“Разработка инновационных технологий производства декоративных строительных изделий для улучшения архитектурного облика города Ош” деген темада илимий-изилдөө иштери боюнча жылдык отчетту угуу сунушу айтылды. Илимий жетекчиси т.и.к., доцент Калдыбаев Н.А.

Калдыбаев Н.А. «Разработка инновационных технологий производства декоративных строительных изделий для улучшения архитектурного облика города Ош». Долбоордун максаттарын жана милдеттерин, актуалдуулугун,

долбоорду ишке ашыруунун зарылдыгынын илимий негиздерин кыскача баяндап берди. Аткарылган илимий-изилдөө иштеринин эң маанилүү натыйжалары болуп төмөнкүлөр саналат: майдаланган текстуралуу табигый таштан жасалган жаңы каптоочу блоктун конструкциялык жана технологиялык параметрлерин негиздөө; майдаланган табигый ташты колдонуу менен жаңы архитектуралык формаларды издөө жана мраморду туураган декоративдик фасад плиталарын чыгаруунун технологиясын иштеп чыгуу жана ага долбоордук-технологиялык документтерди даярдоо.

ОшТУнун технопаркынын шартында жертөлө блогунун прототиптери алынып, лабораториялык изилдөөлөр жүргүзүлдү.

**Суроолор**: А.Дж. Сатыбаев: - Блогтун салмагы канча?

**Жооп:** Калдыбаев Н.А:- 38-50кг чейин

**Жарыш сөзгө:** У.Т Аттокуров:- Салмагы оор экен, жеңилдетилген иштеп чыгарса болобу?

**Жооп:** Калдыбаев Н.А:- Жасалма таштардан 20-25 кг жасаса болот

**Суроо:**М.Ж. Абдиев: - Декоративдик курулуш буюмдарын жеке ишканаларга сунуштадыңызбы?

**Жооп:**Калдыбаев Н.А:- Ландшафттык дизайнды жакшыртуу үчүн брусчатка төшөө технологиясы жана чакан архитектуралык формалардын эскиздери “Сулайман-Тоо” улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексине (директору Абдракманов С.А.) өткөрүлүп берилип, бул боюнча акт түзүлгөн. Мындан тышкары, П.Э.Гапиров менен келишим түзүлүп, бул ишканага мраморду имитациялоо менен фасад плиталарын чыгарууга техникалык шарттар жана технологиялык регламенттер иштелип чыккан.

**Суроолор:** А.Т. Каратаев: - 1000 даана керек деп кардар болсок , бизге даярдап бере аласыздарбы?

**Жооп:** Калдыбаев Н.А:- Ооба, бизде жумушчу күч болсо даярдап бере алабыз.

**Суроолор:**А.Т. Каратаев: Сырену кайсыл жерден аласыздар?

**Жооп:** Калдыбаев Н.А:-Сырьену таш чыгара турган өндүрүшдүн калдыктарынан алабыз.

**Суроо:** М.Ж. Абдиев: - Басы канча?

**Жооп:** Калдыбаев Н.А:- 150 сом

Танаков Нурланбек Токтогулович: «Разработка инновационных технологий производства декоративных строительных изделий для улучшения архитектурного облика города Ош» илимий долбоорун мээрияга сунуштоого сунушка коем.

Макул- 16 Каршы -жок Калыс – жок

Күн тартибинин маселелерин угуп жана талкуулап, Ош технологиялык университети илимий-техникалык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. 2022-жылга "Разработка инновационных технологий производства декоративных строительных изделий для улучшения архитектурного облика города Ош " илимий-изилдөө долбоорун отчету жактырылсын жана бекитилсин.

2.Шаардын көрктөндүрүүдө илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын практикада колдонуу боюнча чараларды көрүү жана шаар куруу долбоорлоруна, анын ичинде Сулайман Тоосун жакшыртууга ИИТКИ натыйжаларын андан ары киргизүүгө көмөк көрсөтүү.

3. Ош шаарынын шаар курулушу үчүн тематиканын маанилүүлүгүн эске алуу менен техникалык тапшырмага ылайык 2022-жылы аталган тема боюнча илимий-изилдөө иштерин каржылоону улантуу жөнүндө КР ББжИМ алдында сунушталсын

4.Аталган илимий-изилдөө долбоорун 2023-жылы улантуу зарыл деп эсептелсин.

Жыйындын төрагасы: Танаков Н.Т

Жыйындын катчысы: Илим бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; Авазбек у А